# Клиникалык дисциплиналар1 кафедрасынын №7 кафедралык жыйынынын баяны.

19-февраль- 2026-жыл.

**Жыйындын торайымы**: Эсенгелди к.А.

**Жыйындын катчысы**: Мусаева Б.С.

**Катышкандар:** 25

КҮН ТАРТИБИ:

1. **Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо болуму тарабынан берилген эскертүүлөрдү жоюу жана аткарылган иштер жөнүндө маалымат.**
2. **Окуу-методикалык камсыздоону жакшыртуу жана окутуунун сапатын жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы.**
3. **Илимий-изилдөө иштеринин жана студенттердин илимий активдүүлүгүнүн жыйынтыгы.**
4. **Мындан аркы методикалык иштердин планы.**

УГУЛДУ:

**Жыйындын төрайымы, кафедра башчысы Эсенгелди к.А. катышуучуларды күн тартиби менен тааныштырды.**

**Кафедра башчысы Эсенгелди к А. жана окутуучулар окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо болуму тарабынан берилген эскертүүлөрдүн негизинде жүргүзүлгөн түзөтүү жана толуктоо иштери жөнүндө маалымат беришти.**

**Кафедранын окутуучуларынын маалыматына ылайык, комиссиянын сунуштарынын негизинде төмөнкү иштер аткарылды:**

- **Окуу дисциплиналары боюнча бардык предметтердин силлабустары, БКФду,рецензиялары, аннотациялары. СОАИ, ОСОАИ, глоссарийлер кайра каралып чыгып, толукталды жана талаптарга ылайык жаңыртылды.**
- **Окутуучулар үчүн жеке оздук баракчаларына балл топтоо системасы, баалоо критерийлери жана окутуунун сапатын камсыздоо боюнча методикалык семинарлар уюштурулуп кафедранын окутуучулары Эсеналиева Ж.А., Карабекова Н.М., Р.Ш.Салиевалар бир катар семинарлар өткөрүлүп, кафедранын сайтына жүктолдү.**
- **Окутуучулар тарабынан даярдалган илимий макалалар эл аралык талаптарга ылайык даярдалып, Scopus базасына кирген журналдарга жарыяланып, кафедранын илимий потенциалы жогорулатылды.**
- **Студенттердин илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуусу камсыздалып, алар эл аралык илимий-практикалык конференцияларга катышып, сертификаттарга жана сыйлыктарга ээ болушту.**

- Окуу-методикалык документтер, анын ичинде предметтер боюнча чек листтер, баалоо материалдары жана методикалык колдонмолор толукталып, талаптарга ылайык келтирилди.
- Кафедрада ай сайын пландалган методикалык семинарлар өткөрүлүп, окутуунун сапатын жогорулатуу жана заманбап окутуу методдорун колдонуу боюнча иштер системалуу жүргүзүлүүдө жана кафедранын сайтына жүктөлүүдө.
- Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү тарабынан берилген сунуштардын негизинде жүргүзүлгөн иштер талданып, тиешелүү түзөтүүлөр киргизилди.

Талкууланды:Жыйындын жүрүшүндө окутуучулар тарабынан аткарылган иштер оң бааланып, комиссиянын эскертүүлөрү негизинен толук жоюлгандыгы белгиленди. Ошондой эле окутуу процессин мындан ары да өркүндөтүү, студенттердин билим сапатын жогорулатуу жана илимий ишмердүүлүктү күчөтүү зарылдыгы белгиленди.

Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн сунуштарын системалуу түрдө аткаруу жана алардын натыйжалуулугун үзгүлтүксүз анализдөө зарылдыгы айтылды.

ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо болуму тарабынан берилген эскертүүлөрдү жоюу боюнча жүргүзүлгөн иштер канааттандырарлык деп табылсын.
2. Бардык дисциплиналар боюнча силлабустарды, баалоо системасын жана окуу-методикалык документтерди талаптарга ылайык үзгүлтүксүз жаңыртып туруу милдеттендирилсин.
3. Окутуучулардын жеке баракчасынын туура толтурулушу козомолго алынсын жана балл топтоо боюнча методикалык семинарларды үзгүлтүксүз өткөрүү улантылсын. Жооптуу: ПОК курамы жана Мадраимова В.С.
4. Окутуучулардын илимий активдүүлүгүн жогорулатуу максатында эл аралык рейтингдүү журналдарда макалаларды жарыялоо иштери активдештирилсин.
5. Студенттердин илимий-изилдөө иштерине катышуусун колдоо жана алардын эл аралык конференцияларга катышуусун камсыз кылуу иштери улантылсын.
6. Кафедрада ай сайын пландалган методикалык семинарлар үзгүлтүксүз өткөрүлсүн.Жооптуу: Мадраимова В.С.
7. Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнүн сунуштарынын негизинде аткарылган иштерге туруктуу мониторинг жана анализ жүргүзүлсүн.
8. Окутуунун сапатын жогорулатуу жана методикалык камсыздоону жакшыртуу боюнча иштер туруктуу көзөмөлгө алынсын.ПОК курамы.

Төрайым: м.и.к. доцент: Эсенгелди к.А.

Катчы: Мусаева Б.С.